Независимый институт аккредитации, рейтинга и сертификации
Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу коз карандысыз институту
Independent Institute of Accreditation, Rating and Certification

# М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Гуманитардык-технологиялык колледжинин орто кесиптик билим берүү программасынын сырттан баалоонун алдын-ала жыйынтыктары

**ЭК төрагасы:**

1. А.Мырсабекова атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин илимий иштер боюнча проректору б.и.к.: ____________ Абсатаров Р.Р.

**ЭК мүчөлөрү:**

1. НИАРСтын Директору т.и.к., доцент: ____________ Кошоева Б.Б.

2. Өзбекстан Республикасынын Фергана политехникалык Институтунун Айыл чарба продуктыларын кайра иштетүү жана сактоо технологиялары кафедрасынын доценти, т.и.д.: ____________ Назирова Р.М

3. «Ош облустук басмакана" ААК төрагасы ____________ Маматалиев М.О.

4. ОшМУнун Менеджмент жана маркетинг кафедрасынын профессору э.и.д.: ____________ Эргешбаев У.Ж.

5. Референт: НИАРСтын директорунун орун басары ____________ Жениш кызы Э.

6. ОшМУнун Математика жана маалымат технологиялар факультетинин ИСТ(м)-1-22 тайпасынын магистранты: ____________ Турсунбаев Э.Т

*05.03.2024*

## 1-Стандарт. САПАТТЫ КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ ЖАНА САЯСАТЫ

**Күчтүү жактары:**

- Билим берүү программасынын миссия, стратегиялык иш пландардын негизинде кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүнө багытталган максаттарынын ачык көрсөтүлүшү.
- Билим берүүнүн сапатын жеткиликтүү камсыздоодо жана жакшыртууда кызыкдар тараптардын катышуусу.
- Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын жүргүзүү, билим берүүнүн сапатынын менеджментинин документтештирилген тутумунун толук кандуу автоматташтырылган ыңгайлууу УНИВЕР+ МСнын жана билим берүү порталынын негизинде жүргүзүлүшү.

**Стандарттын чен-өлчөмдөрүнүн аткарылышын талдоо жыйынтыктарынын негизинде баалоо:** 1- Стандарт *аткарылып жатат.*

## 2-Стандарт. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ

**Күчтүү жагы:**

1. Негизги Кесиптик Билим Беруу Программасынын сапаттуулугу, студенттер үчүн түшүнүктүүлүгү жана жыл сайын стейкхолдерлердин катышуусунда талкууланып, өркүндөтүлүп турушу.
2. Мониторингдер, сурамжылоо, баалоо каражаттары түрлөрү жана алардын үстүнөн системалуу иштөө.
3. Универ+ МСна жайгаштырылган окуу усулдук-методикалык комплекстеринин маалымат алуу үчүн студенттерге жеткиликтүү мүмкүнчүлүгү.

**Күчсүз жактары:**

1. Студенттерди кесиптик сертификацияга даярдоо мүмкүнчүлүгү жоктугу

**Сунуштамалар:**

1. 01.10.2024 жылга чейин социалдык өнөктөштөр менен биргеликте студенттерди кесиптик сертификацияга даярдоо колго алынсын

**Стандарттын чен-өлчөмдөрүнүн аткарылышын талдоо жыйынтыктарынын негизинде баалоо:** 2- Стандарт *кемчиликтер менен аткарылып жатат..*

## 3-Стандарт. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН САБАККА ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛОО

**Күчтүү жактары:**

- Студенттердин билимин баалоодо жаңы методдордун, электрондук тестирлөөнүн модулдук-рейтингдик баалоонун жана ачык системасынын колдонулушу.
- Сабактан тышкары мезгилде тил үйрөнүү курстарынын болушу (англис, корей, кытай ж.б.) жана ийримдин болушу.
- Университеттин студенттеры менен жетекчиликтин байланышын жакшыртуу максатында студенттик омбудсмен, сунуштар жана даттануу кутучаларынын болушу.
- Окутуу формасында университетте Универ+ маалыматтык системасынын жакшы жолго коюлганы жана жакшы шарттардын болушу.
- Студенттердин практикалык базаларын кеңейтуу, биргелешкен иш-чараларга катышуу учун бутуруучулер менен туруктуу байланыштар тузулду.

**Күчсүз жактары:**

- Лекция жана практикалык сабактарды окутууда анын мазмуну реалдуу практика жакын эмес. Көпчүлүк учурда теориялык материалдар колдонулууда

Сунуштамалар:

- 01.02.2025 жылга чейин сабактарды окутууда алардын мазмунун талдап, реалдуу практикага жакындаштырылсын.

**Стандарттын критерийлеринин аткарылышын талдоо жыйынтыктарынын негизинде баалоо:**

3- Стандарт *кемчиликтер менен аткарылып жатат.*

## 4 - Стандарт. СТУДЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ, БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ ЖАНА СЕРТИФИКАТТОО

**Күчтүү жактары:**

- Кесипке багыттоо жана жарнамалык үгүттөө жакшы жолго коюлган.
- Студенттерди кабыл алууну жөнгө салууга, студенттерди жогорку илимий-педагогикалык деңгээлде окутууну, окутуунун натыйжаларын анализдөөгө, ошондой эле студенттерди бүтүрүп чыгарууга мүмкүндүк берүүчү так, конкреттүү эрежелердин болушу;
- Бүтүрүүчүлөрдү кесиптик ишмердүүлүгүнө багыт берүүдө иш берүүчүлөр менен тыгыз кызматташуусу.

**Күчсүз жактары:**

- Студенттердин мобилдүүлүк иштери төмөнкү деңгээлде

Сунуштамалар:

- 01.02.2025 жылга чейин студенттердин 1 семестрден кем эмес мөөнөттүү мобилдүүлүк ишке ашырылсын

**Стандарттын критерийлеринин аткарылышын талдоо жыйынтыктарынын негизинде баалоо:** **4-Стандарт** ***аткарылып жатат..***

## 5 - Стандарт. ОКУТУУЧУ ЖАНА ОКУТУУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМЫ

**Күчтүү жактары:**

- Профессордук-окутуучулар курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы аккредитацияланып жаткан адистикке жана мамлекеттик билим берүү стандарттарын талаптарына ылайык келет.
- Профессордук-окутуучу жана көмөкчү кызматкерлердин курамы билимин өркүндөтүү жана квалификациясын жогорулатуу боюнча жыл бою семинар-тренингдерге активдүү катышат.
- Эл аралык журналдардан кафедранын окутуучуларынын илимий макаласынын чыгуусу

**Күчсүз жактары:**

- окутуучулук курам мамлекеттик жана расмий тилинде иштелип чыккан окуу методикалык куралдардын жетишсиздиги.

**Сунуштамалар:**

- 01.05.2025 жылга чейин окутуучулук курам мамлекеттик жана расмий тилинде иштелип чыккан окуу методикалык куралдардын үстүнөн иштөөсүн кучтөндүрүүчү иш чаралардын уюштурулуусу зарыл.

**Стандарттын критерийлеринин аткарылышын талдоо жыйынтыктарынын негизинде баалоо:** **5-Стандарт** ***аткарылып жатат..***

## 6-Стандарт. БИЛИМ БЕРҮҮ РЕСУРСТАРЫ ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИ КОЛДОО СИСТЕМАЛАРЫ

**Күчтүү жактары:**

- Университеттин материалдык-техникалык базасы жетиштүү деңгээлде камсыздалган;
- Кураторлор студенттер менен тыгыз байланышта болуп, келечектеги адистерди нравалык жана патриоттуулук баалуулуктарга тарбиялоо иштерин жүргүзөт.
- Экономика кафедрасынын материалдык-техникалык базасы, ошондой эле окуу жана маалымат ресурстары минималдуу талаптарга толугу менен жооп берет.

**Күчсүз жактары:**

- Окуу залдарынын жылуулук системасынын начарлыгы
- Материалдык ресурстар ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге жеткиликтүү эмес

**Сунуштамалар**:

- 01.11.2024-жылга чейин окуу жайдын окуу залдарынын жылытуу системасы толук жолго коюлуусу зарыл
- 01.09.2025-жылга чейин материалдык ресурстар ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге жеткиликтүүлүгүнө шар түзүлсүн

**6 - Стандарт *кемчиликтер менен аткарылып жатат.***

## 7 - Стандарт. КООМЧУЛУККА МААЛЫМДОО

**Күчтүү жактары:**

- Окуу жайдын ишмердиги тууралуу социалдык түйүндөрдөн (ОшТУнун сайтында, ”Жаштык” телеберүүсүндө, “Универсал” газетасында) тынымсыз маалыматтардын чыгып турушу.
- Студенттердин билимин баалоодо жаңы методдордун, электрондук тестирлөөнүн модулдук-рейтингдик баалоонун жана ачык системасынын колдонулушу.

- **Күчсүз жактары:**

1. Алсыз жактар: ОшТУнун сайтынын башкы бетинде маалыматтар 3 тилде көрсөтүлүп, андан кийин англис тилинде маалыматтар берилген эмес

Сунуштамалар:

1. 31.12.2024-жылга чейин ОшТУнун сайтындагы маалыматтар толук 3 тилде жайгаштырылсын

**7 - Стандарт *аткарылып жатат.***

*Аккредитациялык стандарттардын аткарылышын баалоо:*

1-стандарт *аткарылып жатат*
2-стандарт *кемчиликтер менен аткарылып жатат.*
3-стандарт *кемчиликтер менен аткарылып жатат.*
4-стандарт *аткарылып жатат*
5-стандарт *аткарылып жатат*
6-стандарт *кемчиликтер менен аткарылып жатат.*
7-стандарт *аткарылып жатат*

## Аккредитациялык чечим боюнча эксперттик комиссиянын долбоору:

**080106 Каржы (тармактар боюнча)**

**Орто кесиптик билим берүүнүн жогорку программаны 5 жылга аккредитацияланды деп эсептелсин**

*Ишке ашырылуучу*
***М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети Гуманитардык-технологиялык колледжи***

*05.03.2024*